МЮиН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022-жылдын 29-июлу, № 414

**Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларын кайра уюштуруунун айрым маселелери жөнүндө**

Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын финансылык, материалдык жана интеллектуалдык ресурстарын консолидациялоо, потенциалын жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн дүйнөлүк рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 "Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын аткаруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. "И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети" мекемеси ага төмөнкүлөрдү кошуу жолу менен кайра уюштурулсун:

– "Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети" мекемесин;

– "Академик Ү. Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология, тоо-кен иши жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университети" мекемесин.

2. "И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети" мекемеси "Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети" мекемесинин жана "Академик Ү. Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология, тоо-кен иши жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университети" мекемесинин бардык укуктары жана милдеттери боюнча укук улантуучусу болуп эсептелет деп белгилensin.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ТОКТОМ
ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 29 июля 2022 года № 414

**О некоторых вопросах реорганизации высших учебных заведений Кыргызской Республики**

В целях консолидации финансовых, материальных и интеллектуальных ресурсов, повышения потенциала и конкурентоспособности государственных образовательных организаций высшего профессионального образования на мировом рынке образовательных услуг, во исполнение Указа Президента Кыргызской Республики «О мерах по повышению потенциала и конкурентоспособности образовательных организаций высшего профессионального образования Кыргызской Республики» от 18 июля 2022 года № 243, в соответствии с Гражданским кодексом Кыргызской Республики, статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Реорганизовать Учреждение «Кыргызский Государственный Технический Университет имени И. Раззакова» путем присоединения к нему:

– Учреждения «Кыргызский государственный университет строительства, транспорта и архитектуры им. Н. Исанова»;

– Учреждения «Кыргызский государственный университет геологии, горного дела и освоения природных ресурсов имени академика У. Асаналиева».

2. Установить, что Учреждение «Кыргызский Государственный Технический Университет имени И. Раззакова» является правопреемником по всем правам и обязанностям Учреждения «Кыргызский государственный университет строительства, транспорта и архитектуры имени Н. Исанова» и Учреждения «Кыргызский государственный университет геологии, горного дела и освоения природных ресурсов имени академика У. Асаналиева».

3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

– "И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети" мекемесинин уставын бекитсин;

– кайра уюштурулуучу мекеменин өткөрүп берүү актысын бекитсин;

– белгиленген тартипте Мекемени мамлекеттик кайра каттоодон өткөрсүн;

– өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

– ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

4. Ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн ЖОЖдордун жетекчилери:

– финансылык, материалдык-техникалык каражаттарды мындан ары пайдалануу маселелерин чечүү, ошондой эле мекемелерди кайра уюштурууга байланышкан бардык зарыл иш-чараларды өткөрүү үчүн комиссия түзсүн;

– окуу процессин үзгүлтүксүз уюштурууну жана абитуриенттерди өз убагында кабыл алууну камсыз кылсын;

– ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тийиштүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде кайра уюштурулган мекемелерди каржыласын.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

3. Министерству образования и науки Кыргызской Республики:

– утвердить устав Учреждения «Кыргызский Государственный Технический Университет имени И. Раззакова»;

– утвердить передаточный акт реорганизуемого учреждения;

– в установленном порядке произвести государственную перерегистрацию Учреждения;

– привести свои решения в соответствие с настоящим постановлением;

– принять иные меры, вытекающие из настоящего постановления.

4. Руководителям вузов, указанных в пункте 1 настоящего постановления:

– образовать комиссию для решения вопросов дальнейшего использования финансовых, материально-технических средств, а также проведения всех необходимых мероприятий, связанных с реорганизацией учреждений;

– обеспечить непрерывную организацию учебного процесса и своевременного приема абитуриентов;

– принять иные меры, вытекающие из настоящего постановления.

5. Министерству финансов Кыргызской Республики осуществлять финансирование реорганизуемых учреждений в пределах средств, предусмотренных в республиканском бюджете на соответствующий год и последующие годы.

6. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

7. Настоящее постановление вступает в силу со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**